*Баимбетова Н.К.*
*Кыргызская Академия Образования*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН САБАТТУУ ЖАЗУУГА МАШЫКТЫРУУЧУ КӨНҮГҮҮЛӨР ЖАНА АЛАР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН ЖОЛДОРУ

# ОБУЧАЮЩИЕ УПРАЖНЕНИЯ К ГРАМОТНОМУ ПИСЬМУ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ И СПОСОБЫ РАБОТ С НИМИ

***Аннотация:*** *Макалада мектеп практикасында башталгыч класстардын окуучулары тарабынан жазуу иштерин аткарууда кетирилүүчү орчундуу каталар талдоого алынат. Каталарды четтетүү үчүн көнүгүүлөр топтому сунушталып, алар менен иштөөнүн жолдору каралат.*

***Аннотация:*** *В статье анализируются часто допустимые ошибки письменных работ учашихся начальных классов в общеобразовательных школах. В целях устранения ошибок автором предлагается сбор упражнений, а также рассматривается пути работ с этими упражнениями.*

***Annotation:*** *The article analyses often valid errors written work students in primary classes in general schools. In order to eliminate errors by the author proposes collecting exercises, as well as ways to work with these exercises.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *компетенттүүлүк, жат жазуу, мугалимдин ишмердүүлүгү, педагогикалык технология, көнүгүүлөр, окутуунун ыкмалары.*

***Ключевые слова:*** *компетентность, диктант, творчество учителя, педагогическая технология, упражнение, формирование приемов знаний.*

***Keywords:*** *competence, dictation, work of teacher,ped agogical technology, exercise, forming of receptions of knowledge.*

«…Мектеп босогосун жаңыдан гана аттап, билим алуу үчүн дегдеп келген жаш өспүрүмдөр үчүн мугалим чоң авторитетке ээ. Өзгөчө башталгыч класстын окуучуларын окуткан мугалимдер күн сайын окуучулар менен көп аралашуунун натыйжасында алардын жүрүш-турушун, ойсанаасын билүүгө толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Башталгыч класстын окуучулары үчүн мугалимдин ар бир кылган иши, жасаган кыймылы, айткан сөзү аткарган жумушу үлгү болууга тийиш…» профессор К. Сартбаев. (Тандалган эмгектер: 3том.-Б.:2013.)

Биз педагогдор, балдар жаратылышынан жалкоо эместигин, бирок алар иштин жыйынтыгы көрүнө турган жерде "эмгектенүүдөн качпастыгын" эсибизге алуубуз зарыл. Башталгыч класстан тартып эле мугалим жан аябай, чыгармачылык аракети менен балдарды талаптагыдай окутуп келсе, ийгиликтин сөзсүз жаралары белгилүү. Башталгыч класстын мугалими өз ишин мыкты билген, аң-сезими кенен, окуу жана тарбия иштерин талапка ылайык алып бара алган, ал гана эмес сүрөт тартып, музыканын коштоосу менен ырдай билген, ар тараптан өнүккөн жөндөмдүү инсан болуусу керек. Айтайын дегеним, билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүү маселелери ар дайым жаш муундарды окутуп, тарбиялоо ишинин негизи болуп келет.

Окуучуларды сабаттуу, катасыз, туура жаза алуусуна көнүктүрүү жана үйрөтүү иши эне тилин окутуудагы маанилүү маселелердин биринен болуп саналат. Жазуу ишинде окуучулардын сабатсыздыгын жоюуда мугалим эне тилдеги сөздөрдү катасыз, туура жазууга жетиштирүү, алды менен алардын оозеки жана жазуу речтерин өстүрүү, сөз байлыгын арттыруу, сөздөрдүн берген маанилерин так түшүндүрүү, сөздөрдүн айтылыш жана жазылыш өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу зарыл экенин эстен чыгарбоосу керек. Анткени, окуучунун речи канчалык бай болсо, ошончолук сабаттуу сүйлөөгө, сабаттуу жазууга толук жетишүүгө болот.

Мектепке жаңы келген өспүрүмдү алгач сабаттуулукка үйрөтүү өзгөчө жоопкерчиликти талап кылат. Сабаттуу жазууга үйрөтүү мезгилинде башталгыч класстын мугалими аларга тамгаларды таанытып, тыбыштарды, сөздөрдү туура айтууга, аларды каллиграфиялык жактан туура жазууга үйрөтүү керек. Балдарга эне тилибиздеги тыбыштар жана тамгалар жөнүндө түшүнүк берүүдө мугалим сөздөрдүн тыбыштар аркылуу айтылып, алар жазууда тамгалар менен белгиленерин түшүндүрүүсү өзгөчө маанилүү. Башталгыч класстын окуучуларынын дээрлик көпчүлүгү сөздөрдөгү тамгаларды таштап, же болбосо ашыкча жазып, же башка тамга менен алмаштырып жиберген кемчиликтери мугалимдин сабаттуулукка үйрөтүү мезгилинде сөзгө тыбыштык анализди туура эмес жүргүзгөндүгү жана балдар менен машыгуу иштеринин аз болгондугун далилдейт. Албетте, мугалим бул иш-аракетти кайсы бир деңгээлде аткарса да, башталгыч класстын окуучуларынын жазуу көндүмдөрүн өстүрүүдө жана грамматикалык, пунктуациялык, орфографиялык жактан сабаттуулугун жогорулатуу ишинде бир топ эле кемчиликтер учурайт. Ал кемчиликтердин бири башталгыч класстарда жазуу жүзүндө жүргүзүлүүчү жумуштардын системалуу, ырааттуу жүргүзүлбөй жаткандыгынан улам келип чыгат.

Сабаттуу жазууга жетишүүнүн бирден-бир ыкмасы – муундап окутуу. Ошондуктан окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүүдө буга өзгөчө көңүл бурулат. Демек, сөздөрдөгү тамгаларды түшүрүп, же ашыкча жазууга жол бербөө ишинде да, сөздөрдү муундап окутуу чоң роль ойнойт.

Биринчи класстан баштап окуучулардын жазуу иштеринде сабаттуулугун өнүктүрүүдө, алардын сөздөрдөгү тыбыштарды туура айтууга, угуу, көрүү сезимдерин өстүрүүгө, сөз байлыгын арттырууга, ар түркүн көнүгүүлөрдү көчүртүп жаздырууга, жат жазууларды аткартса жакшы натыйжаларды берет.

Окуучуларды сөздөргө тыбыштык анализ жүргүзүүгө, тыбыштардан муун түзө билүүгө, муундан сөз жасоого, башкача айтканда, сөздөрдөгү тамгаларды туура жаздырууга машыктыруу менен катасыз жазууга көнүктүрсөк болот. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын сабаттуу жазуу көндүмдөрүн ишке ашырууда жат жазууга өзгөчө басым жасоо зарыл. Эмне үчүн окуучуларга жат жазуу жаздырып, убакыт коротобуз? Ушул сыяктуу суроолордун тегерегинде ой жүгүртүп көрөлү.

Туура жазуунун эрежелерин толук эске алуу менен сабаттуулуктун жогорку үлгүсү болгон жана ага үйрөтүп-жатыктыруучу жазуу ишмердүүлүгү- жат жазуу болуп эсептелет.

Демек, жат жазууну кең мааниде алганда жазуу ишмердүүлүгүнүн бир түрү экендигин эске алуубуз абзел. Мугалимдерге жат жазуунун төмөндөгүдөй бир канча түрлөрү сунушталып жүрөт:

Үйрөтүүчү жат жазуу, сөздүк жат жазуу, эскертмелүү жат жазуу, чыгармачылык жат жазуу, эркин жат жазуу, өздүк жат жазуу, өздүк жат жазуу.

Жогорудагы жат жазуулардын ичинен жат жазуунун түрү катары эсептелбей, бирок практикада үзгүлтүксүз колдонулуп келген жазуу жумушунун бири - тандоо жат жазуусу. Бул жат жазуунун өзөчөлүгү - окуучунун сабаттуулугун, грамматикалык, орфографиялык машыгууларын жыйынтыгын негизги максат кылып алгандыгында. Албетте, баланын угуусу, көрүүсү, окуй билүүсү, туура сүйлөй билүүсү дегеле жазууда негизги ролду ойнойт. Жат жазуу жаздырууда негизинен окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске алуу зарыл. Окуучу жат жазуунун нормаларына ылайык туура, таза жазуусу шарт. Окуучулар жат жазуу жаздырганда эмне үчүн каталарга жол беришет, сабаттуу жазууга кантип үйрөтсөк болот? - деген суроолор мугалимди дайыма ойлондуруп келери бышык.

Башталгыч класстын окуучулары жазган жат жазууларды текшергенде төмөнкүдөй каталарды кетиргендигин жолуктурабыз.

1. **Түгөйлөш үнсүздөрдөн кеткен каталар:** М: жыгач-жыгаш, качты-кашты ж.б. Анткени, түгөйлөш үнсүздөрдүн көпчүлүгү жазылышындай угулбайт, ошондуктан аларды жазууда балдар каталарга жол беришет. Бул кемчиликтерди оңдоо үчүн окуучулардын угуу сезимдерин өстүрүүчү көнүгүүлөрдү мугалим көп жаздырып, машыктырып иштетип, Мисалы: **б-п, в-ф, с-з, д-т, к-г (кы-ки, гы-ги** фонемаларды гана билдирерин окуучунун эсине салуу керек**), н-ң, ж-ш, ц-ң** тамгаларынын айтылышын жана жазылышын үйрөтүү аркылуу сабаттуу жазууга жетиштире алат.

2. Созулма жана кыска үндүүлөрдөн кеткен каталар: **кар-каар, сур-суур, бор- боор, сат-саат, шар- шаар, куш-кууш** ж.б.

3. **Э** жана **е** тамгалары катышкан сөздөрдөн: Кээ бир учурларда **э** жана **е** тамгаларынын сөздө жазылышынан көп ката кетирип коюшат. Негизинен, сөз башында **э** жана сөздөгү үнсүз тыбыштардан кийин сөздүн ортосунда, аягында **е** болуп жазылышын алмаштырып жиберишет. М.: **еже, тэрэк, кэрки, естүү, егиз** ж.б.

4. **У-Ү, О-Ө** тамгалары катышкан сөздөрдү жазуудан кеткен каталар. М.: **куз-күз, кулку-күлкү, ойдо-өйдө** ж.б. Бул учурда мугалим ката кетирген окуучу менен ал тамгалар катышкан сөздөрдү окутуп, бири-биринин айтылышын, берген маанилерин аныктатып үйрөтүү зарыл.

5. **Б-П** тамгаларынан кеткен каталар: М.: **пил-бил, шыбыр-шыпыр, жайба-жайпа** ж.б.

6. **В-Ф** тамгаларынан кеткен каталар: М.: **шофер-шопур, телефон-телепон, графин-грапин** ж.б.

7. **Я-Ю** тамгалары катышкан сөздөрдү жазууда кеткен каталар: М.: **йашик-ящик, йанварь-январь, ийуль-июль, йура-Юра, жури-жюри** ж.б.

Бул сыяктуу каталар башталгыч класстын окуучуларынын жазуу жумуштарында арбын кездешет. Окуучу сөздөрдү канчалык туура окуса, ошончолук туура жазууга жетишет. Мугалим окуучулардын мындай кемчилигин жоюуда кетирген каталарды эске алуу менен, төмөндөгүдөй көнүгүүлөрдү иштетүү аркылуу аларды сабаттуу жазууга жетиштирсе болот.

*Мисалы:*

**1-көнүгүү.** *Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдүн жазылышы*

Араа, саат, жаа, жаак, жөөк, жээк, бээ, суу, оор, боор, жоо, өргөө, мөөн, төө, жөө, өрөөн, уук, суур, буу, туу, күү, тоо, ээр, суроо, көөкөр, саамал, таамай, жоолук, мөөнөт, улуу, сулуу, күүгүм, жээн.

**2-көнүгүү.** *Э тамгасынын сөз башында, сөз ортосунда, созулма үндүү катары жазылышы*

Эл, эгин, эшик, эки, элик, эс, эр, эски, бет, тер, жер, желек, билек, темир, тирек, тилек, кетмен, беде, бетеге, терек, кеңешме, кереге, эрмен, элек, эмгек, эсен, элечек, эне, эрте, ээр, жээк, тээк, жээн, керээз, мээр, мээлүүн, бээ.

**3-көнүгүү.** *Орус тилинен же орус тили аркылуу чет тилдерден кирген бир катар сөздөрдө **Э** тамгасынын жазылышы*

Экватор, экономика, экспонат, экскватор, эпилог, экран, экскурсия, экзамен, энергия, экспедиция, аэродром, аэропорт, поэзия, аэробика, статуэтка, алоэ, мэр, Аэлита, Чжу Дэ, Улан-Удэ.

**4-көнүгүү.** ***Г** тамгасынын жазылышы*

Ага, агыш, айгыр, бугу, булгаары, гана, жоогазын, жыргал, кургак, шагыл, гүл, дөңгөлөк, илгич, кемеге, тегирмен, үгүт, чегедек, эгин, газ, галстук, гигиена, госпиталь, градус, агитатор, агроном, бригада, педагог, налог, диалог, залог.

**5-көнүгүү.** ***Б** тамгасынын жазылышы*

Ооба, аба, дуба, кабык, собол, араба, өбөлгө, олобо, обон, күбө, үбөлүк, кубаныч, убал, добуш, абал, саба, кабар, жабык, дубал, кубала, кубат, сабак.

**6-көнүгүү.** ***Ж** тамгасынын жазылышы*

Жүрөк, жашыл, жумуш, желек, жыргал, жаңылык, жигит, жолборс, жөнөкөй, жумшак, жарык, жандуу, жайлуу, жүн, жалган, жардам, жыгач, жандарм, журнал, жюри, Жаңыл, Жанна, пейзаж, мажбур, муктаж.

**7-көнүгүү.** ***К** тамгасынын жазылышы*

Канат, карга, кагаз, калак, каймак, кокту, кургак, кулак, кызык, аксак, мокок, окуу, сактык, тарак, укук, кекилик, кереге, кийим, кичинекей, көгүчкөн, күлкү, ичке, кийик, айыпкер, элик, казарма, картон, климат, кодекс, курорт, край, полковник, факультет, хоккей, экспедиция.

**8-көнүгүү.** ***Ф, х, ц, щ** тамгаларынын жазылышы*

Фабрика, фамилия, ферма, фляга, Фарида, Фатима, хан, пахта, рахмат, рахат, цемент, цех, патефон, плащ, художник, цензура, футбол, химия, экскаваторщик, цирк, циркуль, щетка, бах, уф, эх.

**9-көнүгүү.** ***Е, ё,** тамгаларынын жазылышы*

Тиешелүү, тиет, чие, боё, боёк, коён, оён. соёт, чоёт, тоёт, кеңеет, ёлка, заём, вертолёт, самолёт, суфлёр, актёр, Фёдор, шофёр, дирижёр, стажёр, зачёт, счёт, счётчик, щёлочь, щётка, боёо, аёо, Европа, Египет, евангелие, реестр, диета, уезд.

**10-көнүгүү.** ***Ю, я** тамгаларынын жазылышы*

Аюу, коюу, коюм, тоюн, союш, коюу, бюст, жюри, парашют, бюро, Юрий, аяк, аянт, баянда, даяр, уят, жаюу, коюу, жаят, кыябыз, жыяр, авиация, акация, галерея, снаряд, идея, маяк, траектория, Аяна, Аня.

**11-көнүгүү.** *Айрым үнсүз тыбыштардын жазылышы*

Герб, клуб, араб, гараж, парад, эпилог, пролог, драматург, съезд, рамазан, раис, рубан, рабат, расмий, райкан, рухий.

Жогорудагы көнүгүүлөрдү иштетүү окуучуларды сабаттуу жазууга үйрөтүүгө өбөлгө түзөрүн практика көрсөттү. Мугалим башталгыч класстын окуучуларына дайыма сүйлөмдүн баш тамга менен башталып жазылышы, сүйлөмдүн аягына тыныш белгилерин туура коюлушун окуу процессинде үзгүлтүксүз үйрөтүп, окуучулардын адам аттарын, жер-суу аттарын жазуусуна жетишүү үчүн машыктыруу иштерин ар бир сабакта жүргүзүүсү керек. Демек, башталгыч класстардын балдарын сабаттуу жазууга үйрөтүү оңой жумуш эмес. Ал кыргыз тилин окутууда окуучулар менен системалуу жана ырааттуу иш алып барууну талап кылат. Өзгөчө, жазуу иштеринин арасынан жат жазууну өткөрүү, андан соң каталар үстүндө иштөө иштерин жүргүзүү максатка ылайык.

Албетте, жат жазуу жаздыруунун максаты – окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу, өркүндөтүү, сабаттуулугун текшерүү, көңүл буруусун, эс-тутумун бекемдөө. Жыйынтыгында жат жазуу жаздыруу аркылуу окуучулардын кетирген жекече, жалпы каталарын аныктап алып, каталардын үстүндө иштөө максатында иш алып барууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ар бир окуучунун өзү кетирген катасын өзүнүн табуусуна мүмкүнчүлүк, түрткү берүү – анын сабаттуулугун арттырууга шарт түзөт.

Башталгыч класстардын мугалимдери окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү гана иштетүү менен чектелбестен, жогоруда берилгендей көнүгүүлөрдүн топтомун түзүп алып, өзү окуткан класстагы окуучулардын ар бири жазууда кетирген каталарын эске алуу менен машыгуу иштерин жүргүзсө жакшы натыйжа берер эле.

Чехиялык улуу педагог, "Улуу дидактиканын" автору Я.А. Коменскийдин баалуу сөздөрүн эске алсак: "Инсан табиятынан ар дайым эмненидир билүүгө, үйрөнүүгө умтулат, аракет кылат, бул жолдо ал кыйынчылыктан да кайра тартпайт, коркпойт. Бул касиет балалык доордон башталып, бүтүн өмүр бою уланат. Көз көрүүнү, кулак угууну, тери сезүүнү, акыл болсо билүүнү эңсеп турушун эч качан унутпоо керек", - деп жазганын бүгүнкү күндүн ар бир мугалими көкүрөгүнө түйүп, жадынан чыгарбоосу зарыл. Анткени башталгыч класстагы билим берүү бала үчүн алгачкы фундамент эмеспи.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Бекбоев И., «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык негиздери». – Б.: 2004.
2. Рысбаев С.К., «Башталгыч класстарда кыргыз тилинен жат жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн технологиялары өркүндөтүү» -Б.: 2012.
3. Рысбаев С. 1-класста окуучулардын сабатын ачуунун, сөзүн өстүрүүнүн жана рухий тарбия берүүнүн маселелери.-Бишкек: Педагогика, 2000.
4. Рысбаев С. Кыргыз тили. 2-класс.- Бишкек, 2002. Рысбаев С. Кыргыз тили. 3-класс.- Бишкек, 2003.
5. Сартбаев К., «Тандалган эмгектер» 3-8-9 том- Б.: 2013.